УДК 338.48

# EFFICIENCY OF THE VISA FREE REGIME FOR THE DEVELOPMENT OF TOURISM

Assoc. Prof., PhD in Economics **Turdumambetov Bakyt**
Head of Department of Travel Business and Tourism Guidance <bakyt.turdumambetov@manas.edu.kg>
**Taalaibek kyzy Altynai**, Master Student of Kyrgyz Turkish Manas University
<a.taalaybekova@gmail.com>

**Abstract**

Exactly 10 years ago, in 2012, the Kyrgyz Republic introduced a visa-free regime for more than 60 countries of the world. This article attempts to find answers to such questions as to whether this policy has brought about the expected results, whether citizens of those richer countries for which visa-free regime was introduced do come to Kyrgyzstan as tourists, or whether the number of tourists has increased only due to natural growth. First, the relevant academic literature on the visa-free regime policy was reviewed. Then, based on the statistical data of the National Statistical Committee of the Kyrgyz Republic for 2011-2019, the growth rate of tourism from the 15 richest countries for which a visa-free regime was introduced was analyzed. The end of the article includes a discussion of the results on the basis of which proposals for improving tourism policy were developed.

**Keywords:** visa-free regime; number of tourists; growth rate; efficiency; Kyrgyzstan.

# ТУРИЗМДИ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН ВИЗАСЫЗ РЕЖИМДИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

**Турдумамбетов Бакыт Үсөнакунович**, экономика илимдеринин кандидаты,
доцент, Кыргыз-Түрк «Манас» Университетинин «Саякат иши жана гид кызматы» бөлүмүнүн башчысы <bakyt.turdumambetov@manas.edu.kg>
**Таалайбек кызы Алтынай**, Кыргыз-Түрк «Манас» Университетинин магистранты
<a.taalaybekova@gmail.com>

**Кыскача мүнөздөмө**

Мындан туура 10 жыл мурун, тагыраак айтканда 2012-жылдан бери Кыргыз Республикасы 60 тан ашуун өлкө үчүн визасыз режим саясатын киргизген. Бул макалада ошол саясат өз жемишин берип жатабы, ошол биз каалаган бай өлкөлөрдүн жарандары Кыргызстанга турист катары келип жатышабы же туристтердин саны табигый өсүштүн гана негизинде көбөйүүдөбү деген сыяктуу суроолорго жооп изделген. Алгач визасыз режим саясаты тууралуу тиешелүү адабиятка сереп салынып, андан кийин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитенин 2011-2019-жылдарга тиешелүү статистикалык маалыматтардын негизинде визасыз режим киргизилген 15 эң бай өлкөлөрдөн келген туристтердин санынын өсүш темптери салыштырылган. Макаланын аягында алынган жыйынтыктарга байланыштуу талкуу жүргүзүлүп, анын негизинде туристтик саясатты жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыккан.

**Негизги сөздөр:** визасыз режим; туристтердин саны; өсүш темпи; натыйжалуулук; Кыргызстан.

# ЭФФЕКТИВНОСТЬ БЕЗВИЗОВОГО РЕЖИМА ДЛЯ РАЗВИТИЯ ТУРИЗМА

**Турдумамбетов Бакыт Усонакунович**, кандидат экономических наук,
доцент, заведующий отделением «Туристический бизнес и служба гидов»
Кыргызско-Турецкий университет «Манас» <bakyt.turdumambetov@manas.edu.kg>
**Таалайбек кызы Алтынай**, магистрант Кыргызско-Турецкого университета «Манас»
<a.taalaybekova@gmail.com>

**Аннотация**

10 лет назад Кыргызская Республика ввела безвизовый режим для более чем 60 стран мира. В этой статье сделана попытка найти ответы на следующие вопросы: приносит ли данная политика ожидаемые плоды, приезжают ли граждане богатых стран, для которых был введен безвизовый режим, в Кыргызстан в качестве туристов, или число туристов увеличивается только за счет естественного прироста? Была рассмотрена соответствующая научная литература по политике безвизового режима, и на основании статистических данных Национального статистического комитета Кыргызской Республики за 2011-2019 годы проанализированы темпы роста количества туристов из 15 самых

богатых стран, для которых был введен безвизовый режим. На основании полученных результатов разработаны предложения по совершенствованию политики в сфере туризма.

**Ключевые слова:** безвизовый режим; количество туристов; темпы роста; эффективность; Кыргызстан.

**Киришүү**

Визасыз режим бул – мамлекеттер арасында түзүлгөн бир же эки тараптуу келишим. Мындай келишимдин негизинде белгилүү бир өлкө же өлкөлөрдүн жарандарына белгилүү бир мамлекетке турист катары кирүү үчүн виза талап кылынбайт. Виза – бир өлкөнун жаранынын башка бир өлкөнүн аймагына белгилүү убакытка кирүүгө уруксат берүүчү атайын документ. Бул документ жарандардын бир өлкөдөн экинчи бир өлкөгө саякаттап же көчүп-которулушун көзөмөлдөө үчүн колдонулат (Oxford University Press, 2022) [6].

Туризм үчүн визасыз режимди колдонууда биринчи эле Европа мамлекеттеринин тажрыйбасы кызыктырарлык, анткени ал жакта өлкөлөр арасындагы эркин жүрүү түшүнүгү орто кылымдарда эле пайда болгон. Ал эми Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин визасыз режим бекем талкууга алынган. Мисалы, Рим келишиминин негизинде 1957-жылы Европа Экономикалык Шериктештигин түзүү тууралуу Франция, Германия, Италия, Бельгия, Нидерланды жана Люксембург өлкөлөрү тарабынан чечим кабыл алынган. Бул шериктештиктин негизинде өлкөлөрдүн ичинде соода-сатыктын, кызматтын, капиталдын жана жарандардын эркин жүрүүсү каралган. Бирок бул багытта конкреттүү иш-аракеттер 1980-жылдары гана башталган. Өлкөлөр арасында эркин жүрүү концепциясы боюнча алгачкы кадамды Франция жана Германия, 1984-жылы 17-июнда Франциядагы Фонтенбло сарайында Европа Кеңешинин алкагында биринчилерден болуп көтөрүп чыгышкан жана анда жарандардын эркин жүрүшү үчүн талап кылынган шарттар бекитилген (Shengen Visa Information, 2020) [7].

Көп жылдардан бери эл аралык туризмден түшкөн киреше боюнча алдына ат салдырбаган (UNWTO, 2020) Америка Кошмо Штаттарынын (АКШ) визасыз режим саясатын колдонуусу мындайча: АКШнын Конгреси өлкөгө багытталган кыска мөөнөттүү иш-сапарларын жөнөкөйлөтүү, туризмди өнүктүрүү жана ошондой эле АКШнын Мамлекеттик Департаментине жогорку тобокелдиктеги консулдук ресурстарга көбүрөөк көңүл бурулуусун максаттап, 1968-жылы “Визадан Баш Тартуу Программасын” түзүү боюнча мыйзамдарды кабыл алган (Wasem, 2017) [15]. Бул программага 1988-жылдын июль айында биринчилерден болуп Улуу Британия мамлекети, аны улай ошол эле жылдын декабрь айында Япония өлкөсү кирген (The New York Times, 1988) [12]. Ал эми 1989-жылдын октябрь айында болсо Франция, Италия, Нидерланды, Швеция, Швейцария жана Батыш Германия бул программага киргизилген (Goinfo, 1997) [5].

Европанын башка өлкөлөрүнөн 1991-жылы – Андорра, Австрия, Бельгия, Дания, Финляндия, Исландия, Лихтенштейн, Люксембург, Монако, Норвегия, Сан-Марино жана Испания – ошондой эле Жаңы Зеландия (Океаниядан биринчи өлкө) киргизилген. Программага 1993-жылы экинчи Азия өлкөсу болуп Бруней кабыл алынган (Goinfo, 1997) [5].

Визадан Баш Тартуу Программасына 1995-жылдын апрель айында Ирландия мамлекети кошулган (Goinfo, 1995) [3]. Латын Америкасынан биринчилерден болуп 1996-жылы Австралия жана Аргентина мамлекеттери кошулган (Goinfo, 1997) [5]. Бирок 2002-жылы Аргентина кайра чыгарылган (Goinfo, 2002) [2]. Словения болсо 1997-жылы 30-сентябрда кошулган (Goinfo, 1997) [5]. Бул программага 1999-жылы 9-августта Португалия, Сингапур жана Уругвай кошулган, бирок Уругвай 2003-жылы кайра алынып салынган (Goinfo, 1999) [4].

Азыркы учурда Визадан Баш Тартуу Программасына 40ка жакын өлкөлөр киргизилип, алар өлкө ичинде 90 күнгө чейин визасыз жүрүүгө уруксат берилген. Бирок бул программаны колдонуу үчүн алгач Электрондук Уруксат Тутумунан (the Electronic System for Travel Authorization) өлкөгө кирүү уруксатын алышы керек. Ал үчүн онлайн режимде атайын ЭУТнун өтүнмөсүн бир нече мүнөт ичинде эле толтуруу мүмкүн. Бул өтүнмөнүн каралышы жана кабыл алынышы да бир нече мүнөттү талап кылат. Кабыл алынган өтүнмө электрондук

паспортко тиркелип, бажы жана чек араны кайтаруу кызматкери тарабынан Кошмо Штаттардын чек ара бекетинен каралат. Бул веб тутум Визадан Баш Тартуу Программасынын коопсуздугун жогорулатуу максатында АКШнын Бажы жана Чек араны коргоо органы тарабынан иштелип чыккан. Бул программанын артыкчылыгы Америка Кошмо Штаттарына барууга ниеттенген адамдарга АКШнын кадимки виза ээси үчүн тыюу салынышы мүмкүн болгон ишкердүүлүктүн айрым түрлөрү менен алектенүүгө уруксат берилүүсү. Мисалы, Америка Кошмо Штаттарындагы кээ бир ишкердик милдеттерди аткарууга жеңилдиктер берилген (Travel.State.Gov, 2021) [13].

Демек, жогоруда серепке алынган алдыңкы Европа өлкөлөрү жана АКШнын тажрыйбасы визасыз режим саясатын колдонуу максатка ылайык экендигин айгинелейт.

**Визасыз режим саясатын колдонгон өлкөлөр жана алардын мотивдери**

Мамлекеттерге кандайдыр бир чечим же болбосо мыйзам кабыл алаарда ар кандай мотивдер түрткү болот. Мисалы, 2017-жылы Белорус өлкөсү 70тен ашык мамлекетке визасыз режим саясатын кабыл алган. Бул өлкөлөрдүн жарандары Белорус мамлекетине Минск улуттук аэропорту, Брест аэропорту, Витебск аэропорту, Гомель аэропорту, Гродно аэропорту, Могилев аэропорту менен гана кирүүгө жана өлкөдө 30 күндөн ашпаган мөөнөткө калууга уруксат берилген (ТИМ БР, 2019) [19]. Аналитик А.Класковскийдин айтымына караганда кабыл алынган визасыз режим саясатынын негизги мотиви акчага муктаждык. Тактап айтканда мамлекет бизнесмендердин агымына, бизнес байланыштарынын кеңейишине, инвестициялык перспективаларга үмүт кылып жатканында.

Өлкөлөр эл аралык келишимдерди же болбосо мыйзамдарды бузганда, дүйнөлүк уюмдар же мамлекеттер жооп катары кандайдыр бир санкцияларды колдонушат. Буга мисал катары дагы да болсо Белорус өлкөсүн алсак. 2020-жылдын июль айында күчүнө кирген Евробиримдик менен Беларус өлкөсүнүн ортосундагы визаны жеңилдетүү жана реадмиссия келишими 2021-жылдын ноябрь айында гибриддик чабуулга жооп катары Евробиримдик Кеңеши тарабынан жарым-жартылай токтотулду (Schengenvisa news, 2021) [9]. Аталган чара расмий делегациялардын мүчөлөрүнө, улуттук, аймактык өкмөттөрдүн жана башкаларга гана тиешелүү, карапайым жарандарга тиешеси жок деп айтылганы менен Шенген Виза Маалымат сайтында Беларус өлкөсү 35 евро төлөөнун ордуна башка өлкөлөр сыяктуу эле визага 80 евро төлөп жатышат (Schengenvisainfo, 2022) [10; 11]. Демек, саясий ишмердүүлүктө мотивдер көпчүлүк учурда мамлекеттин өзүнүн жыргалчылыгы үчүн же болбосо эл аралык мыйзамдар бузулганда ар кандай максаттарда колдонуулары белгилүү болду.

Франция, Германия, Бельгия, Люксембург жана Нидерланды ички чек араларында документтерди текшерүүнү жокко чыгарып, жарандарынын эркин жүрүүсүн камсыздап, чек ара көзөмөлүнөн баш тартуу чечимин 1985-жылы кабыл алышкан (Schengen Visa Information, 2020) [7; 8].

Шенген мамлекеттери ички чек араларын жойгондон кийин аталган аймакта жашаган жана саяккаттап келгендердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында Шенген эрежелеринин негизинде жалпы тышкы чек арада көзөмөлдү күчөтүшкөн. Бул эрежелер бир нече багытты камтыйт:

● Европа Биримдигинин тышкы чек араларына кирген адамдарга тиешелүү жалпы эрежелер топтому кабыл алынып, анын ичинде керектүү виза түрлөрү жана тышкы чек аралардагы текшерүүлөрдүн кандай жүргүзүлүшү керек экендиги тууралуу бирдиктүү эрежелер топтому.

● Кирүү шарттарын жана кыска мөөнөткө (үч айга чейин) визаларды берүү эрежелерин макулдашуу.

● Милиция кызматкерлеринин тыгыз байланышы (изи сууй элек кылмыштардын бетин ачуу максатында милиция кызматкерлерине чек арадан сырткары изилдөөгө укук берүү).

● Мүчө мамлекеттер арасында тыгыз соттук кызматташтыкты жүргүзүп тоскоолдуксуз экстрадициялоо жана сот өкүмдөрүнүн аткарылышын камсыздоо.

● Шенген маалымат тутумун (SIS) түзүү жана өнүктүрүү.

● Виза Маалымат тутумун (VIS) түзүү жана өнүктүрүү.
● Европада саякаттоо үчүн керектүү документтер.

Учурда Шенген аймагы 22 Европа биримдигине жана 4 Европа Эркин Соода Ассоциациясынына мүчө-мамлекеттеринен турат. Шенген аймагына мүчө өлкөлөр: Австрия, Бельгия, Чех Республикасы, Дания, Эстония, Финляндия, Франция, Германия, Греция, Венгрия, Исландия, Италия, Латвия, Литва, Люксембург, Мальта, Голландия, Норвегия, Польша, Португалия, Словакия, Словения, Испания, Швеция, Швейцария жана Лихтенштейн (Shengen Visa Information, 2020) [7; 8].


Европа биримдиги – дүйнөдөгү мамлекеттердин эң ири саясий жана экономикалык биримдиги. Азыркы убакта Европанын 27 өлкөсү бул биримдиктин мүчөсү.

Европа биримдигине мүчө мамлекеттер: Австрия, Бельгия, Болгария, Хорватия, Венгрия, Германия, Греция, Дания, Ирландия, Испания, Италия, Кипр, Латвия, Литва, Люксембург, Мальта, Нидерланд, Польша, Португалия, Румыния, Словакия, Словения, Финляндия, Франция, Чех Республикасы, Швеция жана Эстония (Shengenvisainfo, 2022) [10; 11].

Визаларды либералдаштыруу мобилдүүлүктү өркүндөтөт, өлкөлөр ортосундагы аймактык кызматташууну жакшыртат жана ачык коомду түзөт [22]. Европа биримдиги 2009-2017 жылдар аралыгында чек ара, миграция, баш паанекти башкаруу, тышкы байланыштар жана жарандарынын укуктарын коргоо сыяктуу негизги талаптарына жооп берген бир канча Батыш Балкан (Албания, Босния жана Герцеговина, Монтенегро, Сербия, Түндүк Македония) жана Чыгыш Өнөктөштүгү (Украина, Грузия, Молдова) мамлекеттерине визаны либералдаштыруу саясатын ишке киргизген. Аталган саясаттын туризм тармагына, мыйзамдуу миграцияга жана эки тараптуу кызматташтыкка тийгизген таасирлерин Европалык Миграция Тармагы (European Migration Network) тарабынын 2019-жылы изилденип чыккан. Бул виза саясатынын негизги максаты үчүнчү өлкөлөрдүн мобилдүүлүгүн коопсуз жана жакшы башкарылган шартта жогорулатуу болгон. Киргизилген виза либералдаштыруу саясатынын негизинде жогоруда аталган максатка виза талаптарын жана төлөмдөрүн жоюу менен жетсе болоору белгилүү (EMN, 2019) [1].

Сүрөт-1 де көрсөтүлгөндөй, Европа Биримдигине мүчө өлкөлөргө визасыз өлкөдөн келген туристтердин саны жыл сайын акырындык менен көбөйүп келип, виза либералдаштыруу саясаты киргизилгенден кийин 2009 жана 2017-жылдар аралыгында эки эседен ашык көбөйгөн. Бирок, таблица 1де берилген көрсөткүчтөр бүтүндөй Европа Биримдиги үчүн виза либералдаштыруу саясаты киргизилген 8 мамлекеттен келген туристтердин саны аз көрүнүшү мүмкүн. Батыш Балкан өлкөлөрүнө аталган саясат 2009-2010 жылдары ал эми Чыгыш Өнөктөштүгү өлкөлөрүнө 2014-2017 жылдары гана ишке киргизилген.

Мындан сырткары ЕБдигине кирген өлкөлөрдүн көпчүлүгү виза либералдаштыруу саясаты колдонулган 8 мамлекеттен келген туристтердин статистикасын толук берген эмес. Мисалы, Австрия мамлекети бир гана Украинадан келген, ал эми Чехия өлкөсү 2012-жылы Сербия, Монтенегро жана Украинадан келген туристтердин статистикасын бере алган. Кабыл алынган виза либералдаштыруу саясатынын баардык катышуучу өлкөлөргө түз жана кыйыр таасири божомолдонгон. Мисалы, түз таасирлердин бири болуп, виза либералдаштыруу саясаты аталган өлкөлөргө колдонулары менен кыска мөөнөттүү саякаттардын дароо жогорулашы күтүлгөн. Бирок иш жүзүндө бул божомол аныкталбагандыгы менен көпчүлүк мамлекеттер кыска мөнөттүү саякаттардын жогорулагандыгын айтышкан. Бул божомол, изилдөөдө визасыз өлкөлөрдөн келип, мейманканаларга же башка жайларда түнөгөн туристтердин саны көрсөтүлгөнү менен келген коноктор аталган бир өлкөдө дос-тууганндарынын үйүнө калышы толук ыктымал деп түшүндүрүлгөн.




Маалымат булагы*:* (EMN, 2019).

Экинчи түз таасири катары, виза либералдаштыруу саясаты киргизилгенден кийин, кыска мөөнөттүү виза сурамдары бир топ кыскарып, элчиликте иштегендердин жумушу бир кыйла азая түшөт деп айтылган. Жалпысынан айтканда, элчиликте иштегендердин жумушу бир кыйла жеңилдеген жана бул божомолду 9 мүчө мамлекет ырастаган. Бирок бир жагынан элчиликте иштегендердин жумуш көлөмү азайса, экинчиден чек-ара көзөмөлдөө органдарынын жумушу көбөйгөндүгү байкалган. Анткени айрым мүчө мамлекеттерде визасыз режимдин туура эмес колдонулушу мүмкүн деген сыяктуу кооптонулар болуп, кылдат жана узак убакытты талап кылган текшерүүлөрдү жүргүзүүгө мажбур болушкан. Ал эми кыйыр таасири катары төмөндөгүнү айтсак болот: кыска мөөнөткө келген адамдар кабыл алынган өлкөнү изилдеп, жумушка орношуу же болбосо жеке ишкерлик менен алектенүүнү ойлонуп, мыйзамдуу түрдө жашап турууга уруксат алышы ыктымал. Бирок бул жөн гана божомол, анткени Европалык Миграция Тармагы жүргүзгөн изилдөөнүн натыйжасында мындай байланыш жок жана ишкерлерге берилген уруксаттардын санынын жалпы өсүшү мүчө мамлекеттердин биринде да байкалаарлык таасир тийгизген эмес.

Виза либералдаштыруу саясаты эл аралык студенттердин билим алуу максатында келүүсү менен дагы байланышы бар деген дагы бир божомол ортого чыккан, бирок бул дагы аталган изилдөөдө аныкталган эмес (EMN, 2019) [1]. Жогоруда аталган мамлекеттер арасындагы виза либералдаштыруу саясаты киргенден кийин жарандарды кайтаруу (реадмиссия) жана миграция саясаты боюнча кызматташуу өнүгүп, натыйжалуу болгон. Мисалы, бир нече мүчө мамлекеттер, айрыкча визасыз саясаты колдонула баштагандан кийин, жарандардын өз ыктыярлары менен өлкөсүнө кайтуусу көбөйгөндүгүн билдиришкен (EMN, 2019) [1].

Жогоруда сөз болгондой эле визасыз режим саясатынын бир нече түз жана кыйыр таасирлери бар экени белгилүү болду. Визасыз режим саясаты киргизилери менен кыска мөөнөттүү саякаттардын өсүшү байкалганы менен Дүйнөлүк саякат жана туризм кеңешинин (WTTC) 2018-жылы жүргүзгөн изилдөөсү көрсөткөндөй, саясый өзгөрүүлөрдөн кийин саякатка болгон суроо-талаптын чыныгы өсүшү туристтик саясаттын өзгөрүүсүнө жана дестинациянын атрибуттарына жана тартуу жөндөмдүүлүгүнө, б.а. жагымдуулуугуна жараша болгон (WTTC, 2019) [16].

**Кыргызстандын туристтер үчүн визалык саясаты**

Кыргызстан саякатчылар үчүн Борбор Азиядагы эң ачык өлкөлөрдүн бири болуп саналат. Буга өнүккөн 61 өлкөгө киргизилген бир тараптуу визасыз режим (60 күнгө чейин) жана 15 өлкөгө киргизилген эки тараптуу визасыз режим саясаты далил. Мындан сырткары

туристтерди тартуу максатында электрондук виза порталы ишке киргизилген жана ошондой эле 11 мамлекеттин жарандары (Индия, Бангладеш, Пакистан, Шри-Ланка, Алжир, Египет, Иордания, Ливан, Марокко, Непал, Тунис) Кыргызстанга келгенден кийин “Манас” эл аралык аэропортунда эч кандай чакыруу каты жок бир айлык туристтик виза алып кире алышат. Мындан сырткары Бириккен Араб Эмираттарынын, Бахрейндин, Кувейттин, Катардын, Омандын, Сауд Арабиясынын резиденттик визасын алган 11 өлкөнүн жарандары да Кыргызстанга келгенден кийинки 1 айлык туристтик визаны ала алышат (КР ТИМ, 2019) [17].

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Кыргыз Республикасынын визасын алуу жол-жоболорун жеңилдетүү максатында, 2017-жылдын сентябрь айында www.evisa.e-gov.kg электрондук виза порталын ишке киргизген. Аталган портал аркылуу 50дөн ашык мамлекеттин жарандары өлкөгө кирүү үчүн керектелген визаны онлайн арыз берип жана онлайн төлөө жолу менен ала алышат. Тапшырылган визаны кароо мөөнөтү 3 күн, баасы визанын узактыгына (30-90 күн) жана өлкөгө кирүү уруксатынын санынан көз каранды. Электрондук визага арыз берүү кадимки визага берилүүчү арыздан кыйла жеңил, көп маалыматты талап кылбайт жана кадимки паспорттогу виза сыяктуу эле өлкөгө кирүү үчүн ошол эле укуктарды кепилдейт. Аталган виза менен өлкөнүн көптөгөн чек ара бекеттери аркылуу кирсе болот, бирок “Маданият” жана “Каркыра” көзөмөл-өткөрмө бекеттери аркылуу кире алышпайт (ЭВП, 2017) [21].

**Кыргызстандын визасыз режим алкагындагы туризм статистикасын талдоо**

Визасыз режим алкагында туризм статистикасын талдоо Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде жүргүзүлдү. Белгилүү болгондой, «Айрым мамлекеттердин жарандары үчүн 60 күнгө чейинки мөөнөткө визасыз режим киргизүү жөнүндө» мыйзамына 2012-жылдын 21-июлунда ошол учурдагы өлкө башчысы А. Атамбаев кол коюп, кабыл алынган мыйзам ошол эле жылдын 27-июлунда күчүнө кирген. Бул мыйзамдын максаты инвестиция тартуу, туризмди өнүктүрүү, визасыз режим киргизилген өлкөлөр менен эки тараптуу мамилелерди ар тараптуу активдештирүү, ошондой эле киргизилген нормалардын натыйжалуулугун талдоо болуп саналат (КР ЮМ, 2012) [18].

Жогоруда аталган мыйзам ишке киргенден бери туура 10 жыл өттү. Биздин оюбузча, бул убакыт мыйзамда коюлган инвестиция тартуу, туризмди өнүктүрүү сыяктуу максаттардын ишке ашып же ашпагандыгын текшерүү үчүн жетиштүү мезгил. Мындай текшерүү үчүн Улуттук статистикалык комитеттин берген маалыматтарына көз жүгүртсөк.

Сүрөт-2 де 2006-2020-жылдардын тренд сызыгы көргөзүп тургандай, туризм тармагынын өлкөбүздүн ИДПсындагы үлүшү табигый өсүшкө гана негизделген жана 15 жыл ичинде орточо 4,5 % дын тегерегинде болуп келүүдө. Визасыз режим саясаты кабыл алынган 2012-жылдан пандемияга чейинки 8 жыл ичинде деле эч кандай кескин өсүш байкалбайт.

Мыйзам кабыл алынардан алдын атамекендик окумуштуу-адистер төмөндөгүдөй эскертүү бергендиги да белгилүү: «балким, өнүккөн өлкөлөр үчүн визалык режимди алып салуу кирүү туризминин субъекттеринин ишин жеңилдетет, бирок бул акыркы үч жылда сунушталгандай жалпы тармак үчүн “панацея” эмес» (Турдумамбетов, 2011) [20]. Анткени туризмдин өнүгүүсүнө тоскоол болгон бир нече көйгөйлөр азыркыга чейин бар жана аларды чечүү үчүн комплекстүү иш-аракеттерди кылуу абзел.

Бирок, төмөндөгү Сүрөт-3 тө байкалгандай 2012-жылдан тартып туризм чөйрөсүндө негизги капиталга салынган инвестициялардын көлөмү олуттуу деңгээлде көбөйгөн. Анткен менен бул өсүш түздөн-түз туристтер үчүн визасыз режим саясатынын натыйжасы деп айтуу кыйын. Себеби, туризм чөйрөсүндө негизги капиталга салынган инвестициялардын көлөмүнө ички инвесторлордун активдешүүсүнөн тартып, жалпы дүйнөлүк экономикадагы инфляциялык тенденцияларга чейинки кубулуштар таасир берүүсү мүмкүн. Албетте, 2020-жылдагы пандемия инвестициялардын көлөмүнө терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Анткен менен ал жылы да туризм чөйрөсүндө негизги капиталга 15 млн сомдон ашык салым кошулган.



Сүрөт 2. Туризмдин Кыргызстандын ички дүң продукциясындагы үлүшү (%)

Маалымат булагы: Улуттук статистикалык комитеттин веб-сайты, http://www.stat.kg/



Сүрөт 3. Туризм чөйрөсүндө негизги капиталга инвестиция (миң сом)

Маалымат булагы: Улуттук статистикалык комитеттин веб-сайты, http://www.stat.kg/

Албетте, туристтер үчүн визасыз режим саясатынын түздөн-түз таасирин негизги капиталга салынган инвестициялардан көрө албасак да, өлкөбүзгө саякаттап келген коноктордун саны аркылуу даана байкасак болот.

Улуттук статистикалык комиттетин классификациясына ылайык «эс алуучулардын саны» деген көрсөткүч бар. Бул көрсөткүч менен «КР чек арасын кесип өткөн чет өлкөлүк жарандардын саны» аттуу көрсөткүч ортосунда абдан чоң айырма бар. Мисалы, 2019-жылы бул айырма дээрлик 7 млн түзгөн. Тилекке каршы, УСКнын басылмаларындагы методологиялык түшүндүрмөлөрдө «эс алуучулардын саны» көрсөткүчү кайдан, кантип алынары тууралуу так маалымат жок. Биздин оюбузча, бул көрсөткүч туристтерди жайгаштыруу жайлары (пансионат, отелдер) берген отчеттордун негизинде түзүлүп, өз ичине ички туристтерди да камтыйт. Андай болсо, Сүрөт-4 тө байкалган 2001-2011-жылдар арасына салыштырмалуу 2012-2019-жылдар арасындагы өсүш, мүмкүн Кыргызстандын ички туризминдеги өзгөрүүлөр менен көбүрөөк түшүндүрүлөт. Албетте, визасыз режим саясатынын таасирин да толук четке кагуу мүмкүн эмес.




Маалымат булагы*:* Улуттук статистикалык комитеттин веб-сайты, http://www.stat.kg/

Таблица 1. Визасыз режим киргизилген 15 эң бай өлкөнүн жарандарынын 2011-2019 жылдары Кыргыз Республикасынын чек арасын кесип өтүүсүнүн саны (миң адам)

| Өлкөлөр | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Австралия** | 1,4 | 1,7 | 1,7 | 2,2 | 2,2 | 2,3 | 2,4 | 2,7 | 3,3 |
| Өсүш темпи % менен | | 21,43 | 0,00 | 29,41 | 0,00 | 4,55 | 4,35 | 12,50 | 22,22 |
| **Австрия** | 0,5 | 0,9 | 1,1 | 1,2 | 1,2 | 1,4 | 1,5 | 1,6 | 2,3 |
| Өсүш темпи % менен | | 80,00 | 22,22 | 9,09 | 0,00 | 16,67 | 7,14 | 6,67 | 43,75 |
| **Германия** | 8,6 | 11,7 | 9,2 | 15,2 | 16,7 | 11,3 | 10,3 | 22,7 | 24,9 |
| Өсүш темпи % менен | | 36,05 | -21,37 | 65,22 | 9,87 | -32,34 | -8,85 | 120,39 | 9,69 |
| **Италия** | 1,5 | 1,1 | 1,8 | 2,6 | 3,0 | 4,1 | 3,1 | 3,8 | 4,3 |
| Өсүш темпи % менен | | -26,67 | 63,64 | 44,44 | 15,38 | 36,67 | -24,39 | 22,58 | 13,16 |
| **Корея** | 3,7 | 5,7 | 3,7 | 10,5 | 3,4 | 10,4 | 13,8 | 14,4 | 16,1 |
| Өсүш темпи % менен | | 54,05 | -35,09 | 183,7 | -67,62 | 205.88 | 32,69 | 4,35 | 15,00 |
| **Сингапур** | 0,2 | 0,1 | 0,4 | 0,2 | 0,2 | 0,5 | 0,5 | 0,8 | 1,0 |
| Өсүш темпи % менен | | -50,00 | 300,00 | -50,00 | 0,00 | 150,00 | 0,00 | 60,00 | 25,00 |
| **ОАЭ** | 4,5 | 11,2 | 10,3 | 8,6 | 0,5 | 0,7 | 1,6 | 4,9 | 4,5 |
| Өсүш темпи % менен | | 148,89 | -8,04 | -14,26 | -94,19 | 40,00 | 128,57 | 206,25 | -8,16 |
| **Польша** | 0,7 | 1,0 | 1,0 | 2,1 | 2,5 | 2,6 | 3,4 | 4,5 | 4,6 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өсүш темпи % менен | | 42,86 | 0,00 | 110,00 | 19,05 | 4,00 | 30,77 | 32,35 | 2,22 |
| **Улуу Британия** | 3,2 | 4,2 | 4,3 | 4,4 | 6,9 | 8,1 | 6,5 | 7,5 | 8,1 |
| Өсүш темпи % менен | | 31,25 | 2,38 | 2,33 | 56,82 | 17,39 | -19,75 | 15,38 | 8,00 |
| **АКШ** | 15,8 | 16,7 | 20,2 | 14,3 | 19,2 | 10,9 | 14,0 | 16,1 | 17,0 |
| Өсүш темпи % менен | | 5,70 | 20,96 | -29,21 | 34,27 | 43,23 | 28,44 | 15,00 | 5,59 |
| **Франция** | 3,7 | 3,9 | 5,2 | 5,1 | 5,8 | 6,1 | 7,5 | 8,1 | 9,3 |
| Өсүш темпи % менен | | 5,41 | 33,33 | -1,92 | 13,73 | 5,17 | 22,95 | 8,00 | 14,81 |
| **Швейцария** | 2,2 | 2,1 | 2,7 | 2,6 | 2,8 | 2,7 | 2,9 | 3,3 | 3,2 |
| Өсүш темпи % менен | | -4,55 | 28,57 | -3,70 | 7,59 | -3,57 | 7,41 | 13,79 | -3,03 |
| **Швеция** | 0,2 | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,9 | 1,0 | 1,4 | 1,4 | 1,4 |
| Өсүш темпи % менен | | 100,00 | 0,00 | 0,00 | 125,00 | 11,11 | 40,00 | 0,00 | 0,00 |
| **Чехия** | 0,1 | 0,1 | 0,4 | 0,1 | 2,1 | 1,6 | 2,0 | 2,1 | 2,2 |
| Өсүш темпи % менен | | 0,00 | 300,00 | -75,00 | 2000,00 | -23,81 | 25,00 | 5,00 | 4,76 |
| **Япония** | 2,5 | 2,3 | 2,7 | 2,7 | 3,6 | 3,4 | 3,5 | 4,3 | 5,1 |
| Өсүш темпи % менен | | -8,00 | 17,39 | 0,00 | 33,33 | -5,56 | 2,94 | 22,86 | 18,60 |

Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын маалыматтары боюнча.

Таблица-1 де байкалгандай, жалпысынан биз каалаган бай өлкөлөрдүн жарандарынын Кыргызстанга келүүлөрүндө визасыз режим саясаты кабыл алынган 2012-жылдан кийин кескин түрдө өзгөрүү деле байкалбайт. Демек, келүүлөрдүн саны табигый өсүштүн гана негизинде көбөйүүдө. Албетте, айрым конкреттүү өлкөлөр боюнча флуктуациялар байкалат. Мисалы, Батыш Европалык эң көп саякаттоочу эл болгон немистердин Кыргызстанга келүүлөрү пандемияга чейинки акыркы 2 жылда кескин түрдө көбөйүп 120 % түзгөн. Тагыраак айтканда, Германиянын жарандары 2012-жылдан бери Кыргызстанга 10 миң деп келишсе, 2018-жылы дароо 22 миңден ашкан. Албетте муну визасыз режим саясатынын үзүрү деп айтуу мүмкүн эмес. Түштүк Кореядан да келүүлөрдүн саны 2014-жылы кескин түрдө 183 % көбөйгөнү байкалат, бирок дароо эле кийинки 2015-жылы 67 % азайып кеткен. Бул өлкөдөн келгендердин саны пандемиянын алдында 15 миңдин тегерегине жеткен. Бириккен Араб Эмираттарынан келгендердин саны эмнегедир 2015-жылы 95 % төмөндөп кеткени байкалат. Улуу Британиядан келүүлөрдүн саны 2015-жылы 56 % жогорулаганы менен, 2017-жылы кайра 20 % төмөндөп кеткен. Дүйнөдө күчтүү экономикага ээлик кылган Япониянын жарандары үчүн Кыргызстан мындан 22 жыл мурун, тагыраак айтканда 2000-жылы эле бир тараптуу визасыз режим киргизген[1]. Бирок ага карабастан, күн чыгыш өлкөсүнөн келген коноктордун саны пандемияга чейинки акыркы 10 жылда болгону орточо 3,5 миңдин тегерегинде. Визасыз

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 31-декабрындагы № 735 токтомуна жана 2001-жылдын 4-июнундагы № 262 токтомуна ылайык Япониянын жарандары үчүн Кыргыз Республикасына бир тараптуу түрдө чексиз мөөнөткө кирүү үчүн визасыз режим бар.

режим саясатынын келүүлөрдүн санына эч кандай таасир бербегендигин дүйнөдөгү эң бай өлкө – АКШнын мисалынан көрүүгө болот: бул өлкөнүн жарандарынын 2011-жылдан тартып 2020-жылга чейинки Кыргызстанга келүүлөрүнүн саны жылына болгону 16 миң кишинин айланасында.

**Корутунду жана сунуштар**

Бул макаланын алкагында жүргүзүлгөн талдоонун негизинде, он жылдан берки Кыргызстандагы визасыз режим саясаты биз күткөн жемишти бербей жатканы аныкталды. Визасыз режим саясаты максат кылган бай өлкөлөрдөн Кыргызстанга келген туристтердин саны табигый өсүштүн гана негизинде көбөйүп жаткандыгы талашсыз. Демек, башка көптөгөн тармактар менен байланышкан Кыргызстандын туризм секторунун экономикалык натыйжалуулугун арттыруу үчүн көйгөйлөрдү чечүүдө комплекстүү мамиле зарыл экендиги дагы бир жолу тастыкталууда. Мисалга айтсак, өнүккөн өлкөлөрдүн жарандарынын Кыргызстанга саякаттоого келүүсү үчүн мурда аэропорттон алынуучу 30-40 АКШ долларынын тегерегиндеги визалык төлөмгө караганда, ал өлкөлөрдөн Бишкекти көздөй түз аба каттамдарынын болуусу маанилүү. Мүмкүн андан дагы олуттуу маселе – Кыргызстандын дестинация катары таанылуусу. Андай болсо, эң негизги иш катары комплекстүү дестинациялык менеджмент жана маркетингдин жүргүзүлүүсү зарыл.

Биздин оюбузча, 30-40 АКШ долларынын тегерегиндеги визалык төлөм «бэкпекерстер» үчүн, тагыраак айтканда, туристтик компанияга кайрылбастан акчасын үнөмдөө максатында өз алдынча саякаттаган, салыштырмалуу «кедей» туристтер үчүн маанилүү. Эгерде андай болсо, Кыргызстандын визасыз режим саясаты азырынча тескери таасирин берип, өлкөбүзгө келген бай эмес, кедей туристтердин санын көбөйтүүдө десек жаңылышпайбыз.

Акырында айтарыбыз, жогорудагы божомолдордун такталуусу үчүн Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарынан сырткары Бүткүл дүйнөлүк туризм уюму (UNWTO) жана Дүйнөлүк туризм жана саякат кеңеши (WTTC) берген статистикалык маалыматтар да кылдат талданиуусу абзел. Аталган эки эл аралык уюм, туризмдин ИДПга жана жумуштуулукка түз, кыйыр[2] жана индукцияланган[3] салымдарын эске алып, булардын суммасын жалпы салым деп санаса ал эми Улуттук статистикалык комитет туризмдин түз салымын гана санайт. Бул себептен аталган булактардын ортосунда келишпестиктер бар.

Колдонулган адабияттар жана маалымат булактары


1. European Migration Network (EMN). (Март 2019 г.). *Impact of Visa Liberalisation on Countries of Destination.*
2. Goinfo (21 Февраль 2002 г.). *Termination of the Designation of Argentina as a Participant Under the Visa Waiver Program.* Бул жерден алынды https://www.federalregister.gov/documents/2002/02/21/02-4260/termination-of-the-designation-of-argentina-as-a-participant-under-the-visa-waiver-program
3. Goinfo (28 Март 1995 г.). *Visa Waiver Pilot Program; Ireland.* Бул жерден алынды https://www.govinfo.gov/content/pkg/FR-1995-03-28/html/95-7450.htm
4. Goinfo (3 Август 1999 г.). *Adding Portugal, Singapore and Uruguay to the List of Countries Authorized To Participate in the Visa Waiver Pilot Program.* Бул жерден алынды https://www.govinfo.gov/content/pkg/FR-1999-08-03/html/99-19836.htm
5. Goinfo (30 Сентябрь 1997 г.). *Adding Slovenia to the List of Countries Authorized To Participate in the Visa Waiver Pilot Program and Designating Ireland as a Permanent Participating Country (Formerly With Probationary Status).* Бул жерден алынды https://www.govinfo.gov/content/pkg/FR-1997-09-30/html/97-25982.htm


[2] Кыйыр салым- туризмди илгерилетүү үчүн колдонулган мамлекеттик чыгашалар, туризмдин инфраструктурасына башка секторлор тарабынан кошулган салымдар жана туризм тармагынын өлкөдө өндүрүлгөн товарларды жана кызматтарды сатып алуусу кирет (өзүнүн продукциясына салым катары).

[3] Индукцияланган салым – бул туризм секторун түз же кыйыр түрдө колдонгондордун кеңири салымы.

6. Oxford University Press (2022). Oxford English Dictionary. Бул жерден алынды https://www.oed.com/

7. Schengen Visa Information (2020 г.). *Schengen area countries.* Бул жерден алынды https://www.schengen-visa-info.eu/schengen-visa-countries

8. Schengen Visa Information (2020). *Schengen Agreement.* 10 Январь 2020 г., Бул жерден алынды https://www.schengen-visa-info.eu/

9. Schengenvisa News (9 Январь 2020 г.). *EU Council Suspends Visa Facilitation Agreement for Belarus Regime Officials.* 13 Январь 2021 г., Бул жерден алынды https://www.schengenvisainfo.com/news/eu-council-suspends-visa-facilitation-agreement-for-belarus-regime-officials/

10. Schengenvisainfo (2022 г.). *Schengen Visa Fees.* Бул жерден алынды https://www.schengenvisainfo.com/schengen-visa-fee/

11. Schengenvisainfo (2022 г.). *The European Union and Countries in the EU.* Бул жерден алынды https://www.schengenvisainfo.com/countries-in-europe/eu-countries/

12. The New York Times (30 Октябрь 1988 г.). *"TRAVEL ADVISORY; Accord Allows Trips to Japan Without a Visa".* Бул жерден алынды https://www.nytimes.com/1988/10/30/travel/travel-advisory-accord-allows-trips-to-japan-without-a-visa.html

13. Travel.State.Gov (2021 г.). *Each Traveler Must Have a Valid ESTA.* Бул жерден алынды https://travel.state.gov/content/travel/en/us-visas/tourism-visit/visa-waiver-program.html#ExternalPopup

14. UNWTO (2020). 10 Январь 2020 г., Бул жерден алынды https://www.unwto.org/tourism-data/country-profile-inbound-tourism

15. Wasem, R. E. (Октябрь 2017г.). «The US Visa Waiver Program Facilitating Travel and Enhancing Security. Chatham House, the Royal Institute of International Affairs». Бул жерден алынды https://www.chathamhouse.org/sites/default/files/publications/research/2017-10-25-us-visa-waiver-wasem.pdf

16. WTTC (Август 2019). *Visa Facilitation Enabling Travel & Job Creation Through Secure & Seamless Cross-Border Travel.* Бул жерден алынды https://wttc.org/Portals/0/Documents/Reports/2019/Security%20and%20Travel%20Facilitation-Visa%20Facilitation-Aug%202019.pdf?ver=2021-02-25-182749-077

Бул жерден алынды https://home-affairs.ec.europa.eu/system/files/2019-03/00_eu_visa_liberalisation_2019_synthesis_report_en_0_0.pdf

17. КР ТИМ (17 Январь 2019). *Жеңилдетилген визалык режим орнотулган чет өлкөлөрдүн жарандары тууралуу маалымат.* Бул жерден алынды https://mfa.gov.kg/kg/dks-mid-kr-ru/konsulskie-uslugi/vizovye-voprosy/informaciya-o-stranah-dlya-grazhdan-kotoryh-ustanovlen-uproshchennyy-vizovyy-rezhim

18. КР ЮМ. (21 июль 2012 г.). Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. Бул жерден алынды http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/203721/40?cl=ky-kg&mode=tekst

19. ТИМ БР (2019). *Информация о безвизовом передвижении через аэропорты Республики Беларусь.* Бул жерден алынды https://www.mfa.gov.by/visa/freemove/airport/

20. Турдумамбетов, Б. (2011). Заблуждения в лабиринте проблем. Бул жерден алынды https://mnenie.akipress.org/unews/un_post:588/?from=mnenie&place=search&sth=9c27747902249bfffce2a5860302573b

21. ЭВП (2017). *Е-Виза тууралуу маалымат.* Бул жерден алынды https://www.evisa.e-gov.kg/index.php?lng=ky

22. European Commission strategy ‘A credible enlargement perspective for and enhanced EU engagement with the Western Balkans’, 12 February 2018, p. 1, COM(2018) 65 final.